*Жаңы китептин тушоо кесүүсү*

# ӨЗГӨНДӨГҮ РУХИЙ МАЙРАМ

Кечээ күнү касиеттүү Өзгөн жергесинде эсте каларлык жакшы окуя өттү. Облустук «Ош жаңырыгы» гезитинин кабарчысы Динара Жусупбекованын калемине таандык болгон Кыргызстандын тунгуч космонавты, Кыргыз Республикасынын баатыры, Салижан Шарипов жөнүндө жазылган китептин тушоо кесүү аземи өткөрүлдү. Салтанат Өзгөн шаардык Кеңешинин имаратында өттү. Жыйынды шаардык кеңештин төрагасы Бахтияр Салиев ачып, куттуктоо иретинде алгачкы сөздү облустук мамлекеттик акимчилигинин башчысынын орун басары Нурийла Кимсановна Жолдошевага ыйгарды. Облустун губернаторунун орун басары өз сөзүндө бүгүнкү аземдин негиз ги каарманы болгон Кыргыз Республикасынын Баатыры космонавт Салижан Шариповду жана китептин автору Д. Жусупбекованы, китептин жарык көрүшүнө демөөрчү болгон Кыргыз Респубилкасынын мыйзам чыгаруу жыйынынын депутаты Алишер Ахмедович Сабировду жана аземге чогулгандарды куттуктап, кеңири сөз сүйлөдү.

Куттуктоо сөздөрүн ошондой эле Өзгөн райондук мамлекеттик акимчилигинин башчысы М. Турдукулов, Өзбекстан менен Кыргызстанга бирдей жакын акын жана котормочу агабыз, Ташкент шаарындагы «Чолпон» басмасынын баш редактору Турсунбай Адашбаев, облустук «Ош жаңырыгы» гезитинин баш редактору Абибилла Пазылов, Ош шаарынын ардактуу адамы, ажы Алоудин Мансур, Жалал-Абад шаарындагы билим берүүгө көмөктөшүү фондунун өкүлдөрү чыгып сүйлөштү. Алар куттуктоо сөздөрүндө жалпы түрк элдеринин достугун дагы чыңдоого көмөкчү болуп олтурган бүгүнкү салтанаттын маани-маңызына терез токтолуп өтүштү. Айрыкча өсүп келе жаткан жаш муундарга татыктуу үлгү болуп бере алчу космонавттын өмүр таржымалы кызыктуу баяндалган китептин мааниси анын көлөмүндө эмес, мазмунунда экендигин сөзгө чыккандардын дээрлик көпчүлүгү баяндап өтүштү.

Куттуктоо сөздөрүнүн аягында Кыргыз Республикасынын баатыры, космонавт Салижан Шариповко сөз ыйгарылып, ал өзүнүн эл-журтка болгон ыраазычылыгын билдирүү менен ага ушундай урмат көрсөтүлүп жаткандыгы үчүн чын ыкластан рахмат айтып, чогулгандарга жалпы эле эл-журтка тынчтык, ынтымакчылык жана ачык асман каалады, китептин авторуна белек иретинде «Мир» станциясынын көрүнүшү түшүрүлгөн чоң сүрөттү тапшырды. Китептин автору Д. Жусупбековага сөз кезеги жеткенде ал отпуска учурунда туулган жерине эс алганы келген Салижан Шариповго узун өмүр каалап, эл аралык обрoю дагы арта беришине тилектештик билдирди жана китептин китеп болуп чыгышына демөөрчү болгон депутат А. Сабировго жана урматтап, сыйлап келгендиги үчүн аземге чогулгандарга терең ыраазычылыгын билдирди.

Аземдин соңунда келген меймандар жана өзгөндүктөр болуп Өзгөн шаарынын коозудугу менен атак-даңкынын символу болгон мунараны айланып, көрүшүп, анын фонунда космонавт менен чогуу сүрөткө түшүшүп, видео тасмага тартылышты. Бир сөз менен айтканда жаңы китептин тушоо кесүү аземи эсте калаарлык маанайда чыныгы достуктун, ынтымакчылыктын фонунда өтүп, чогулгандарга жакшы таасир калтырды.